**КАРА-СУУ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ**

**КАРА-СУЙСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ**

723300 Кара-Суу ш., Завод к. 2
тел.: 03232-50880, факс: 03232-50880
e-mail: adm30-1@shailoo.gov.kg
adm30-2@shailoo.gov.kg

723300 г.Кара-Суу, ул.Заводская 2
тел.: 03232-50880, факс: 03232-50880
e-mail: adm30-1@shailoo.gov.kg
adm30-2@shailoo.gov.kg

# №32 ЧЕЧИМ

2021-жылдын 20-апрели Кара-Суу шаары

Катышышты:

Кара-Суу АШКнын төрагасы К.Кимсанов,
Кара-Суу АШКнын катчысы – Ж.Молдожанова
мүчөлөрү - Султанов Н., Мойдунов Т., Раева Ы., Таев А., Абдраимова Э., Абдурасулов М., Мамашев М., Кадыров К., Акимбаев С.

**Күн тартиби:**

1. **"Клооп медиа" коомдук фондунан келип түшкөн маалыматтар боюнча**

**Угулду:** Кара-Суу АШКнын төрагасы К.Кимсанов – Урматтуу кесиптештер, "Клооп медиа" коомдук фондунан 2021-жылдын 11-апрелинде болуп өткөн Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоодо "Клооп Медиа" коомдук фондунан маалымаатар келип түшкөн.

1. №5192 шайлоо участогунда АЭУ үзгүлтүккө учурады, бюллетендер чогултулду деп билдирген. Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан иликтөө жүргүзүлдү. №5192 шайлоо участогуда АЭУ үзгүлтүккө учураган, тез аранын ичинде резервдик АЭУга алмаштырылып, добуш берүү улантылган. Добуш берүүнүн жыйынтыгына таасирин берген эмес.

2. №5235 шайлоо участогунда шайлоо комиссиясы АЭУнун жанында турду деген маалымат берилген. Иликтеген учурда ал оператор АЭУ болгон. АЭУдан 1.5-2 м аралыкта туруп, АЭУнун ишин көзөмөлдөгөн.

3. №5239 шайлоо участогунун аймагында үгүт иштери жүрдү, АЭУнун жаныда шайлоо комиссиясынын мүчөсү турду деген маалымат келген. Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясы иликтеген учурда эч кандай үгүт ишетри жүрбөгөндүгү аныкталды. Ал эми АЭУнун жанында турган АЭУ оператору.

4. №5249 шайлоо участогунун аймагында үгүт иштери жүрдү, АЭУ үзгүлтүккө учурады деген маалымат келген. Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан иликтөө жүргүзүлүп, үгүт иштери жүрбөгөндүгү аныкталды. АЭУ үзгүлтүккө учураган, тез аранын ичинде калыбына келтирилген. Добуш берүү штаттык режимде улантылган.

Жогорудагылардын негизинде, "Клооп Медиа" коомдук фондунун маалыматтарында көрсөтүлгөн техникалык кемчиликтер добуш берүүнүн жыйынтыгына таасир этпегендигине байланыштуу, №5192, №5235, №5239, №5249 шайлоо комиссиясынын төрагаларына чара көрүү сунушунан баш тартылсын деген сунушту добушка койом.

Сунуш добушка салынды:

**Макул – 12,** **Каршы – жок.**

Сунуш бир добуштан кабыл алынды.

**Кара-Суу АШКсы күн тартибиндеги маселени талкуулап**

**Чечим кылат:**

1. “Клооп Медиа” коомдук фондунун маалыматтарында көрсөтүлгөн техникалык кемчиликтер добуш берүүнүн жыйынтыгына таасир этпегендигине байланыштуу. №5192, №5235, №5239, №5249 шайлоо комиссиясынын төрагаларына чара көрүү сунушунан баш тартылсын.

2. Чечим Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына билдирилсин.

**Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы** **К.Кимсанов**

**Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы** **Ж.Молдожанова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ КАРА-СУУ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ КАРА-СУЙСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА